**УДК.: 7.048(575.2):687. 1**

# КИЙИМДЕГИ КЫРГЫЗ ОЙМОЛОРУ

***ст.гр. КШИ-2-10 Даутова Ш.,н.рук.: д.т.н., проф. Иманкулова А.С., преп. Урмамбетова Н.Т.***
***И. Раззаков атындагы КМТУ***
***E-mail: perl.9206@mail.ru, aijamal_akmatalieva@mail.ru***

*Ушул илимий изилдөө иши кийимдеги кыргыз оймолорун изилдөөгө багытталган.*
*This scientifically research work it is directed on studying of the Kyrgyz patterns in clothes.*

Биздин максат кыргыз оймолорун терең изилдеп, азыркы учурдун талабына ылайыктуу кылып системага келтирүү болду. Негизинен оймолор осүмдүктордон, жаныбарлардан жана геометриялык фигуралардан келип чыгат. Азыркы учурда оймолордун колдонуу тартиби башаламан болуп калды. Ошондуктан, биз кийип жүргон кийимдеги оюуулар баардык учурга ылайыктуу болуш үчүн, маанисине карап туура колдонууга багыт берүү болду.

**Кыргыз элинин колдонмо-жасалга оюм-чийимдери**. Кутмандуу элибиз түрдүү кол өнөрчүлүккө бай экендиги, алардын колдорунан жасалган буюм-теримдери бардык элдерге маалым. Кереметтүү элибиздин кол өнөрчүлүгү, кыргыз оюулары аркылуу асем – буюмдар дүйнөсүнүн ички

маңызын ачып, жыргал турмушубуздун салтанатын көркөмдөп элестетип турат.

Биз, кыргыздын улуттук оюм-чийимдеринин эң негизги үлгүлөрүн оюм-көчөттөр менен кооздолгон көркөм кол өнөрчүлүк буюмдарынын беттеринен көрө алабыз. Ала кийиз, шырдак, туш кийиз, килем, түр жүн оролуп чырмалган чийлер, тери, жыгач буюмдары жана күмүштөн, жезден жасалган зер буюмдары ошолордун катарына кирет.

Туш кийиздин негизги оюмдарына жалпысынан кыргыздын улуттук оюм-чийимдерине мүнөздүү табиятты сүрөттөөчү («күн», «жаңырган ай», «булак», «суунун айлампасы»), жандуу нерселердин сөлөкөттөрүн сүрөттөөчү («беш манжа», «оймок боолуу бармак», «кочкор мүйүз», «карга тырмак», «кыргоол», «бугунун мүйүзү», «аттын изи», «төбөл», «ит куйрук», «жылан», «көгүчкөн» жана башка), өсүмдүктөрдү сүрөттөчү («байчечекей», «кызгалдак», «тогуз дөбө гүл», «пахта», «жалбырак» жана башка), тиричилик буюмдарын сүрөттөөчү («аттын такасы», «мончок», «тумар», «боз үйдүн түндүгү», «керегe көз», «аркан», «көө көөкөр», «ай балта», «кашык» жана башка) жана сыйкырдуу, кереметтүү элестерди сүрөттөп чагылдырган оюу үлгүлөрү кирет. Биз ала кийиз, шырдак, туш кийиз беттеринде кездештирген оюмдарга өтө эле жакын, окшош оюмдардын үлгүлөрүн тери-булгаары буюмдарынан көрөбүз. Эл чеберлери көөкөр, көнөк, көнөчөк, саба, чанач өңдүү ар кандай сыйымдуулуктагы идиштерди териден чебердик менен мыктылап жасашкан [1].

Түрдүү жүндөн оюу салып, түркүн ала кийиздерди уюткан. Кийиздин, теринин (жыргак) же бирдей өңдөгү кездеменин бетине ар түрдүү түстөгү жиитер менен саймалап оюу салып, ажайып кооздукту жараткан. Оймодогу түстүү сүрөттөрдү карап отуруп, көпчүлүк учурда кыргыз оймосунун мазмундук ырааттуулуктун бара-бара жоюлуп кеткендигин көрүүгө болот. Ушундан улам негизги оюу үлгүлөрүн башка көрүнүштү же башкача сүрөттөлүштү чагылдырып тураары анык. Оюм (кооздук) кыргыздын көркөм кол өнөрчүлүгүиүн бүтүидөй түрлөрүндө каражат катары колдонулат.Оюмдар экиге бөлүнөт. Бнринчи, негизги оюмдарга: «мүйүз оюмдары» («кош мүйүз», «сыңар мүйүз», «бугу мүйүз», «кулжа мүйүз», «уй мүйүз», «теке мүйүз»), «кыял» («жарым кыял», уздардыи аттары жана айтылып жаралган оюм), «жагалмай канат», «куш канат», «табак оюму», «карга тырмак» сыяктуулар кошулат да, ал буюмдун мерчемдүү аянтын ээлеп, жасалган үлгүнүн жүзүн көрсөтүп турат. Демек, бул көркөмдүктөр ортолук (борбордук) да, четтик (жээктик) да оюмдарынын милдетин тең тизгинде аткара алат. Экинчи, жардамчы оюмдарга: «ит куйрук», «бадам», «чагармак», «бычак учу», «араа тиш» өңдүүлөр кирет да, буюмда «аламыч» катары пайдаланылат. Ал эми көркөм оюмдун элементтери көчөттөрдү түзөт. Ошентип, көчөттүн негизги каражаты оюм, демек, оюмдан көчөт жаралат. Оюмда кыялдан чыккан түйүндүү окуя сюжеттик түзүлүштө, ички өз ара байланышта болот. Анан ээси оймочу көркөм оюмдун эски алкагынан чыгарыи, ага жаңы багыт берген чебер болуи саналат.

**Сайма саюу** — зор чыгармачылык, ал уздук көркөм көчөттөрдү жаратууда гана жүзүнө чыгат. Элдик көркөм кол өнөрчүлүктүн түикүлүгүн жердик түзөт. Саймачылыктын негизги кооздук каражаты — сайма көчөтү. Бул буюм бетине орнамент (түр-оюм) түшүрүү дегенди түшүндүрөт. Ошентнп, көчөт — бул бүтүм чиймени нрээти менен алмаштырып, жердин бетине түшүрүү дегендик. Чыгармачылыгы бар уздар тигил-бул сайма ыкмасы аркылуу буюмга мындай көчөттөрдү түшүрүүдө баш-аламандыкка чалдыкпай, сөзсүз шарттуулук жана ырааттуулук жол-жобосун сакташат. Негизги элдик сайма көчөтү «мүйүз», «айчык», «бадам» (миндал) «тырмак», «гүл» өңдүүлөр кирет да, булар түштүк-түндүк Кыргызстандын журтчулугун бирдей аралаган [2].

Элдик зергерлердин бүтүнчүлүгү — алардын чеберчиликтери, терең сырдуулугу, көп кырдуулугу. Акыйкатта, зергер — устанын ата башы. Көпчүлүк зергерлер ага дейре эле өиөрдүн калган мындай түрлөрүн: жыгаччылыкты, мүйүзчүлүктү, ташчылыкты, тернчиктн, өрүмчүлүктү, кайыкчылыкты, айтор, ушул өңдүүлөрдү тен тизгинде кармоого дасыгып калышат.

Мисал келтире кетсек, бул сүроттордогү кийимдерди сахнага, театрга кийсе туура болот. Ал эми күиүмдүк турмушта кийүүго ылайыктуу эмес, анткеии ойюулар мааниси жагынан алсак туш кийизге, шырдакка колдонулуучу оюуулар басылган. Карап турсак оюуунун коптүгүнон кнйпм корүнбойт(сүрөт- 1).




*Сүрөт - 1*


Ошондуктан биз изилдөө жүргүзүп, маанисине карап оюларды төмөнкү системага келтирдик:

- аял затынын кийимине колдонулуучу оюулар( сурот- 2,3);
- аялдардын белдемчилерине басылуучу оюулар(сурот- 4);
- эркек адамдардын баш кийимине колдонулуучу оюулар (сурот-5);
- шырдактарга, үй буйумдарына ылайыктуу оюулар (сурот-6);

Көйнөк – бул аял затынын көп учурда кийилүүчү кийимдеринин бири, ошондуктан бул (сүрөт- 2,3) оюулар көйнөктөргө, жаш баланын кийимдерине маанисине карап колдонсо болот.




*Сүрөт -2*




*Сурөт- 3*

Бул жерде (сурот- 2,3) көрсөтүлгөн оюулар :“Умай эне, ак куу, жалын, тоо чабалекейи, балык, булак, жарты ай, кебез, оттоук, мончок, буркут, айлампа, чынжыр, гүл, кептер, дарыя”.

Буйум канчалык кичине болсо ал ошончолук оюу чийүүлөрдүн жана оң түстүн кызыктууларын пайдалануу откоро чеберчиликти талап эткен.


Жаш келин түн баласынан кийин белдемчи кийчи. Кыймылга эркин жылуу белдемчи ат үстүндө да, уй сааганда да, үй тиричилигинде да ыңгайлуу болгон. Белдемчиге ылайыктуу деп бул (сүрөт - 4) оюуларды таптык.




*Сурөт- 4*

Бул оюулар: “Кымызга төө терисинен жасалган идиштер”.


Шырдак –бул кыргыздардын күндөлүк турмуш тиричилигиндеги кеңири колдонулуучу негизги буюмдардан.




*Сүрөт -5*

Бул жерде көргөзүлгөн оюулар : “ Ит таман, иттин бармагы, уйдун мүйүзү, жалбырак, така, ай балта, тепке, ийрек, ит куйрук, бугунун жазы мүйүзү”.

Кыргыздар илгертен көчмөн калк болгон мал-жаныбар менен жашап келген, ошондуктан оймолордун көбүнчөсү жаныбарлардан алынган (сүрөт- 6).




*Сүрөт – 6*

Бул сүрөттө көргөзүлгөн оюулар: “ Барс, тебетей, мүйүз, барстын алдынкы жаагы, тоо текенин жаагы, бугунун башы, тоо текенин астынкы жаагы, кулжанын башы, жолборстун тырмагы, кыйма, буурсун тили”.

Көп эле көрүп жүрөбүз кийимдердин басымдуу бөлүгүнө оймолорду колдонгонун, карап турсан кийим өзү көрүнбөйт же оймолорун көрө албайсын көзүң чачырайт.

Биз ошолордун ордуна маанисине карап, түсүнө карап, кийимдин оюу басыла турган жерине карап, образына карап дегендей бир, эки оймону колдонсо болот деп ойлойбуз жана сунуштайбыз.

### Адабияттар


1. Рындиным В. М., Бернштам А.М., Орбели И. А., Кыргызский национальный узор
2. Антипина В. Н., Кыргызские узоры